**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2011-жылдын III чейреги үчүн

**2011-жылдын октябрь айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин С
Кеңештин мүчөлөрү: Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Сейитов Ч.С.

Жооптуу катчы: Керимкулова Г.А.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 051 телефону,
(996 312) 610 730 факсы
gkerimkulova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 66-90-09 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2011-жылдын 28-октябры.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Line Print" басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2011-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***
Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун туруктаашуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма, жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

## МАЗМУНУ

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ..........................5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш..................5
1.1.1. Суроо-талап..........................................................................................................5
1.1.2. Сунуш...................................................................................................................10
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар.......................................................................12
1.3. Тышкы экономикалык шарттар...........................................................................................17
1.4. Алмашуу курсу.......................................................................................................................20

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР...............................................................22

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр...................................22
2.1.1. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы................................................................23
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын динамикасы..........................................24
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын динамикасы...........................................25
2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы..................................................25
2.2. Базалык инфляция.................................................................................................................26

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ..............................................................28

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери.........................................................28
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери..........................29

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР...............................................31

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор...........................31
4.2. 2011-2012-жылдарга жана 2011-жылдын IV-чейрегине инфляциялык болжолдоолор..34

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ.....................................................................................................36

ГЛОССАРИЙ....................................................................................................................................40

КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ...............................................................................................44

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы алдын ала алынган маалыматтар боюнча ИДӨнүн көлөмү реалдуу мааниде алганда 8,7 пайызга көбөйүү менен күндөлүк баада 189,3 млрд. сомду түзгөн, ал эми 2010-жылдын январь-сентябрь айларында ал 1,2 пайызга төмөндөгөн. «Кумтөр» алтын кенин иштетүүчү ишканаларды эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча 6,8 пайызга өскөн, ал эми 2010-жылдын январь-сентябрь айларында тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 2,3 пайызды түзгөн. ИДӨнүн дефлятору 2011-жылдын январь-сентябрь айларындагы алдын ала алынган маалыматтар боюнча 18,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2010-жылдын январь-сентябрь айларында тиешелүү көрсөткүч 6,6 пайызды түзгөн).

2011-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча, кирешелерди пайдалануу ыкмасы боюнча эсептелген ИДӨ, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,5 пайызга өскөн (2010-жылдын январь-июнь айларында өсүш 4,4 пайыз чегинде катталган). ИДӨнүн өсүшү, негизинен, алтынды экспорттоонун олуттуу көбөйүшү, ошондой эле ички суроо-талаптын (түпкү керектөөгө жана дүңүнөн топтоого кеткен чыгашалар суммасы) 6,6 пайызга (2010-жылдын январь-июнь айларында тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 1,2 пайыз чегинде катталган эле) өсүшү менен шартталган экспорттун 9,8 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыз болгон. Керектөөнүн импорттон көз карандылыгын эске алуу менен 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ички суроо-талаптын өсүшү импорттун 10,6 пайызга өсүшүнө түрткү берген.

**1.1.1-таблица. ИДӨнүн чыгашалар боюнча өсүшүнүн реалдуу арымы**
*(өткөн жылдагы тиешелүү мезгилге карата жыл башынан тартып, пайыздарда)*


| | 2010 | | | | 2011 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I | II |
| **Колдонулган ИДӨ** | **16,8** | **4,4** | **-1,2** | **-1,4** | **0,4** | **5,5** |
| Түпкү керектөө | 1,8 | 3,5 | 4,0 | 3,9 | 1,6 | 6,6 |
| Жекече керектөө | 1,9 | 3,8 | 4,2 | 4,1 | 1,5 | 6,9 |
| Үй чарбасы | 2,1 | 4,2 | 4,6 | 4,6 | 1,6 | 7,9 |
| ҮЧТКУ | 2,7 | 2,0 | 2,0 | 2,0 | 1,1 | 9,1 |
| Мамлекеттик мекемелердики | -0,2 | 0,5 | 0,7 | 0,5 | 0,4 | -0,7 |
| Жамааттык пайдалануу | 0,8 | 1,5 | 1,9 | 1,7 | 2,1 | 4,1 |
| Дүң топтоо | -13,9 | -9,8 | -12,0 | -4,5 | 13,6 | 6,6 |
| Экспорт | 32,1 | 0,7 | -4,6 | -4,2 | -10,3 | 9,8 |
| Импорт | 0,4 | -0,6 | 0,3 | 1,6 | -7,4 | 10,6 |

*Булагы УСК*

Ички суроо-талаптын өсүшүнө жеке адамдардын акча которууларынын олуттуу агылып кирүүсү, социалдык чөйрөнүн жумушчуларына эмгек акы боюнча


чыгашалардын өсүшү, ошондой эле керектөөгө түрткү берген башка факторлор өбөлгө түзгөн (1.1.1-сүрөт). Ички суроо-талаптын көбөйүүсүнүн алгылыктуу динамикасы 2011-жылдын акырына чейин сакталып калуусу күтүлүүдө.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨ, ички суроо-талап жана акча которуулардын өзгөрүү динамикасы**
*(өткөн жылдагы тиешелүү мезгилге карата жыл башынан тартып, пайыздарда)*




Калктын кыйла камсыз болгон катмарында акчалай кирешелердин жогорку үлүштө концентрацияланышы, мурдагыдай эле, кирешелердин жалпы көлөмүнүн жогорку кирешелүү топтордун пайдасына бөлүштүрүлгөндүгүн аныктайт. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү 2010-жылы, 2009-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 0,1 пайыздык пунктка төмөндөө менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 43,7 пайызын түзгөн. Ал эми аз камсыз болгон калктын 20 пайызынын кирешелеринин үлүшү 6,4 пайыз чегинде катталган.

**1.1.2-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(жыл башынан тартып)*



2011-жылдын январь-сентябрь айларында алдын-ала алынган маалыматтар боюнча жеке адамдардын акча которуу системалары боюнча акча каражаттарынын агылып кирүүсүнүн өсүшү белгиленген. Таза агылып кирүүнүн жалпы көлөмү 2011-жылдын январь-сентябрь айларында 32,6 пайызга өскөн, ал эми 2010-жылдын январь-сентябрь айларында тиешелүү көрсөткүчтүн өсүшү 26,5 пайызды түзгөн. Акча которуулардын алгылыктуу өсүш арымы негизинен, эмгек мигрантарынын басымдуу бөлүгү орун алган Россиядан 1,1 млрд. АКШ доллар өлчөмүндө келип түшүүлөр менен камсыздалган.

**1.1.2-таблица. Акча которуулар системасы боюнча жеке адамдардын акча которуулары**
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2008 | 2009 | 2010 | 2010-ж. янв.-сент. | 2011-ж. янв.-сент.** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **1 138,2** | **893,2** | **1 124,9** | **803,7** | **1 065,8** |
| **Агылып кирүүлөр** | **1 205,5** | **966,7** | **1 252,6** | **887,4** | **1 197,3** |
| КМШ өлкөлөрү | 1 141,4 | 894,4 | 1 199,3 | 845,8 | 1 152,9 |
| Казакстан | 27,9 | 31,4 | 35,0 | 24,6 | 29,0 |
| Россия | 1 113,5 | 862,9 | 1 164,3 | 821,1 | 1 121,7 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 2,2 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 64,1 | 72,3 | 53,3 | 41,6 | 44,4 |
| Бельгия | 0,5 | 0,5 | 0,2 | 0,1 | 1,4 |
| Улуу Британия | 1,8 | 1,4 | 1,4 | 1,1 | 1,1 |
| Германия | 0,2 | 0,7 | 9,9 | 7,3 | 14,2 |
| АКШ | 61,4 | 69,5 | 41,7 | 33,0 | 26,6 |
| Жана башкалар | 0,2 | 0,3 | 0,1 | 0,0 | 1,1 |
| **Агылып чыгуулар** | **67,3** | **73,6** | **127,6** | **83,7** | **131,5** |
| КМШ өлкөлөрү | 65,0 | 71,8 | 125,8 | 82,5 | 128,7 |
| Казакстан | 2,5 | 0,7 | 0,4 | 0,2 | 0,6 |
| Россия | 62,5 | 71,1 | 125,4 | 82,3 | 127,9 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,3 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 2,3 | 1,8 | 1,8 | 1,2 | 2,8 |
| Бельгия | 0,1 | 0,2 | 0,5 | 0,3 | 0,6 |
| Германия | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 0,2 | 1,0 |
| АКШ | 1,7 | 1,1 | 0,9 | 0,6 | 1,0 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,2 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр ж.б. системалар боюнча которуулар жана «Кыргызпочтасы» МИ аркылуу которуулар.

** алдын ала алынган маалыматтар.

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында 4,8 млрд. сомду же ИДӨгө карата 2,5 пайызды түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 5,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,7 пайызды түзгөн).


Мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий трансферттери 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 35,6 пайызга көбөйүү менен 55,0 млрд. сом же ИДӨгө карата 29,1 пайыз чегинде катталган. Мында, салыктык кирешелер жана салыктык эмес түшүүлөр мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерден кирешелеринин өсүшүнө 33,3 п.п. салым кошкон, ошол эле учурда расмий трансферттердин түшүүлөрүнүн салымы 2,3 п.п. түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары, 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 29,6 пайызга же 12,4 млрд. сомго көбөйүү менен отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында 54,3 млрд. сом же ИДӨгө карата 28,7 пайыз чегинде катталган. Билим берүү, саламаттыкты сактоо, илим жана маданият тармагындагы кызматкерлердин эмгек акыларынын, ошондой эле пенсиянын базалык бөлүгүнүн көбөйгөндүгүнөн улам, күндөлүк керектөөгө бюджеттик чыгашалардын көбөйүү тенденциясы байкалган. Алсак, эмгек акыга чыгашалар жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна чегерүүлөр, ошондой эле социалдык жөлөк пулдар, өткөн жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда, операциялык иштерге мамлекеттик чыгашалардын жалпы көлөмүндө 50,6 пайызды түзүү менен 2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде 29,1 пайызга көбөйгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу операциялары боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 5,5 млрд. сомду түзгөн бул, 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 1,5 млн. сомго же 36,7 пайызга көп.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча, Социалдык фондунун бюджетинин тартыштыгы отчеттук жылдын январь-сентябрь айлары үчүн 76,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,04 пайызды, ал эми кирешелери – 16,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 8,6 пайызды, чыгашалары – 16,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 8,6 пайызды түзгөн.

**1.1.3-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү алдын ала алынган маалыматтар боюнча, 2010-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 2011-жылдын январь-сентябрь айларында 5,0 пайызга көбөйүү менен өткөн жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча 21,7 пайызга азаюусуна каршы, 31,0 млрд. сомду түзгөн. Инвестициялардын тармактык түзүмү, транспорт жана байланыш («Бишкек-Нарын-Торугарт» жолун

реконструкциялоо), ошондой эле кайра иштетүү өнөр жай объекттеринде өздөштүрүлгөн каражаттардын өсүшү, инвестициялардын көлөмүнүн өсүшүнө олуттуу салым кошкондугун тастыктап турат. Ошону менен бирге эле, электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүгө инвестициялоонун кескин төмөндөөсү байкалган, көбүнчө «Камбар-Ата-2» ГЭСти курууга инвестициялар 2010-жылдын январь-сентябрь айларына караганда 2,2 млрд. сомго, ал эми соода, автоунааларды оңдоо, тиричилик жана жеке пайдаланууга каралган буюмдар үчүн инвестициялар 191,5 млн. сомго төмөндөгөндүгү белгиленген.

**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | 2010-ж. янв.-сент. | 2011-ж. янв.-сент. | 2010-ж. янв.-сент. | 2011-ж. янв.-сент. |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | | *жыйынтыгына карата пайыздар* | |
| **Бардыгы** | **24 905,2** | **31 014,6** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялар** | **19 419,3** | **21 952,3** | **78,0** | **70,8** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 1399,7 | 3259,7 | 5,6 | 10,5 |
| Жергиликтүү бюджет | 385,8 | 299,6 | 1,5 | 1,0 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 8578,3 | 9916,2 | 34,4 | 32,0 |
| Банктын кредити | 2208 | 71,2 | 8,9 | 0,2 |
| Калктын каражаты | 6847,5 | 8405,6 | 27,5 | 27,1 |
| **Тышкы инвестициялар** | **5 485,9** | **9 062,3** | **22,0** | **29,2** |
| Чет өлкө кредити | 2790,4 | 6228,4 | 11,2 | 20,1 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 1860,4 | 1987,2 | 7,5 | 6,4 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 835,1 | 846,7 | 3,4 | 2,7 |

*Булагы: УСК*

*2010-жылы инвестициялар боюнча булактар «Республикалык бюджет» статьясынан «Банктарга кредиттер» статьясына кайра квалификацияланган, 2011-жылы бул инвестицияларды каржылоо «Республикалык бюджет» статьясына кайтарылган.*

2011-жылдын үч чейреги ичинде каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар көлөмүнүн түзүмүндөгү өзгөрүүлөр, өтүп жаткан жылдын эки чейрегинин жыйынтыгына карама каршы түптөлгөн. Инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 70,8 пайызын түзгөн ички инвестициялардын өсүш арымы 4,3 пайызга төмөндөп, ал эми тышкы инвестициялардыкы өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 37,8 пайызга көбөйгөн. 2011-жылдын январь-сентябрь айларында ички инвестициялар, негизинен ишканалардын, уюмдардын жана калайык-калктын каражаттарынын эсебинен каржыланган, ал эми тышкы инвестициялар көбүнчө транспорт жана байланыш объекттерине багытталган чет өлкө кредиттери менен камсыздалган.

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү өтүп жаткан жылдын баш жагындагыга караганда 13,9 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын сентябрь айынын акырына 30,1 млрд. сом чегинде катталган

(2010-жылдын сентябрь айынын акырына коммерциялык банктардын кредит портфели 5,0 пайызга өскөн эле). Экономиканы кредиттөөнүн көбөйүүсү, инвестициялардын өлкөгө агылып кирүүсүнүн өсүшүнүн оң динамикасы, ошондой эле соода жүгүртүүнүн өсүшү, өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн кайра калыбына келе баштайшын тастыктап турат.

**1.1.4-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2010-ж. янв.-сент. | | 2011-ж. янв.-сент. | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **26 466,5** | **105,0** | **30 053,5** | **113,9** |
| Соода жана коммерциялык операциялар | 11 679,7 | 111,7 | 13 434,3 | 118,5 |
| Айыл чарбасы | 3 449,5 | 111,8 | 4 067,6 | 121,4 |
| Өнөр жайы | 1 334,3 | 96,1 | 1 593,3 | 107,6 |
| Ипотека | 2 865,5 | 92,8 | 2 768,7 | 97,1 |
| Курулуш | 1 943,4 | 99,6 | 1 769,3 | 86,8 |
| Керектөө кредиттери | 1 878,8 | 92,6 | 2 456,0 | 130,5 |
| Жана башкалар | 3 315,2 | 103,0 | 3 964,4 | 115,2 |

Ушуну менен бирге эле, 2010-жылдын биринчи чейрегинде банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер (БФКМ) тарабынан кредиттөөнүн өсүшү белгиленген. Жалпы банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер түзүмүндө олуттуу үлүшкө ээ микрофинансылык компаниялар жана кредиттик союздар тарабынан берилген кредиттер, 2010-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 36,4 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын июнь айынын акырына 13,2 млрд. сомду түзгөн. Тармактык түзүмдө берилген кредиттердин олуттуу үлүшү 2011-жылдын январь-июнь айларында айыл-чарба (52,1 пайыз), соода жана коммерция тармактарына (26,6 пайыз) туура келген.

**1.1.5-таблица. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфелинин тармактык түзүмү**

| | 2010-ж. янв-июнь | | 2011-ж. янв-июнь | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* | бардыгы, *млн. сом* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Кредит портфели** | **9 696,4** | **117,1** | **13 225,0** | **136,4** |
| Айыл чарбасы | 4 825,8 | 136,1 | 6 890,8 | 142,8 |
| Соода жана коммерция | 2 973,0 | 105,4 | 3 517,6 | 118,3 |
| Жана башкалар | 277,9 | 41,2 | 864,3 | 311,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 487,5 | 115,4 | 437,7 | 89,8 |
| Керектөө кредиттери | 444,9 | 153,9 | 809,1 | 181,8 |
| Курулуш жана ипотека | 225,7 | 112,7 | 275,5 | 122,1 |
| Өнөр жайы | 196,3 | 119,5 | 230,5 | 117,4 |
| Транспорт жана байланыш | 119,2 | 83,0 | 169,9 | 142,5 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 146,0 | 680,8 | 29,6 | 20,3 |

### 1.1.2. Сунуш

Кароого алынып жаткан жылдын январь-сентябрь айларында ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды өнөр-жай ишканалары кошушкан (4,6 п.п.), бул көбүнчө, «Кумтөр» алтын кен ишканаларында өндүрүштүн көлөмүнүн

көбөйүүсүнүн жана электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүнүн өсүшүнүн эсебинен жүргөн. ИДӨнүн өсүшүнө ошондой эле, соода (0,8 п.п.), транспорт жана байланыш (1,1 п.п.) ишканалары да олуттуу салым кошушкан.

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү чогуу алгандагы сунуштоонун көлөмү отчеттук мезгил ичинде ИДӨнүн жалпы көлөмүнөн айыл-чарба продукциялары менен 19,7 пайызга, кайра иштетүү өнөр жай продукциялары менен 17,2 пайызга, соода - 15,0 пайызга, транспорт жана байланыш менен 8,6 пайызга камсыз болгон.

**1.1.6-таблица. ИДПнын өсүшүнө/төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | 2010-ж. янв.-сент. | | 2011-ж. янв.-сент. | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **-1,2** | **-1,2** | **8,7** | **8,7** |
| Дүң кошулган нарк | -1,2 | -1,1 | 8,7 | 7,7 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | -1,7 | -0,3 | 2,5 | 0,5 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 2,4 | 0,0 | 21,3 | 0,1 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 18,2 | 2,2 | 26,1 | 3,8 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 12,0 | 0,3 | 22,4 | 0,7 |
| Курулуш | -28,7 | -1,9 | 8,6 | 0,4 |
| Соода, ремонт | -8,8 | -1,5 | 5,0 | 0,8 |
| Мейманканалар жана ресторандар | -13,6 | -0,2 | 10,6 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 0,5 | 0,0 | 11,4 | 1,1 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 1,2 | 0,0 | 8,0 | 0,1 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 0,3 | 0,0 | -1,7 | -0,1 |
| Мамлекеттик тескөө | 1,9 | 0,1 | 4,9 | 0,3 |
| Билим берүү | 0,7 | 0,0 | -0,9 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 1,0 | 0,0 | 1,0 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | -0,7 | 0,0 | 0,4 | 0,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | -1,2 | -0,1 | 8,7 | 0,9 |

*Булагы: УСК*

2011-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн алдын ала алынган маалыматтар боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси (ФКИ) өткөн жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда 25,4 пайызга өскөн (2011-жылдын январь-сентябрь айларында өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 16,8 пайызга өскөн). Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн өсүшү негизинен, металлургиялык өндүрүштүн – (130,0 пайыз), текстиль жана тигүү өнөр жайынын (1,7 эсеге) жана башка металл эмес минералдык продукциялар өндүрүшүнүн (128,8 пайыз), транспорт каражаттары жана жабдуулар өндүрүшүнүн (2,1 эсеге) көлөмүнүн, ошондой эле электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүнүн көлөмүнүн көбөйүүсү менен (122,4 пайыз) шартталган. «Кумтөр» алтын кен иштетүү ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин өсүшү 21,4 пайыз деңгээлинде катталган, мында 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүч 15,8 пайызга өскөн.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча отчеттук мезгил ичинде, айыл-чарба өндүрүшүнүн өсүшү 2,5 пайыз деңгээлинде белгиленген (2010-жылдын январь-сентябрь айларында 1,7 пайызга төмөндөгөн эле).

2011-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде кредиттерди берүү көлөмүнүн көбөйүшү башка ылайыктуу факторлор менен катар эле соода жүгүртүүнүн өсүшүн камсыз кылган (өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 10,7 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган эле). Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өсүш, тиричилик буюмдарын ремонттоодон тышкары, сооданын калган бардык секторлорунда байкалган эле. Мында, соодалык операциялар түзүмүндө (54,2 пайыз) олуттуу үлүшкө ээ чекене соода жүгүртүү 3,5 пайызга жогорулагандыгын белгилей кетүү зарыл.

**1.1.7-таблица. Соода операцияларынын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | 2010-ж. янв.-сент. | | 2011-ж. янв.-сент. | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **89,3** | **100,0** | **105,4** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 3,1 | 83,9 | 2,8 | 110,7 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,5 | 83,3 | 0,4 | 106,3 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 9,8 | 89,8 | 10,0 | 118,5 |
| Дүң соода | 32,4 | 84,0 | 32,4 | 104,1 |
| Чекене соода | 54,0 | 93,1 | 54,2 | 103,5 |
| Тиричилик буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 77,1 | 0,2 | 91,2 |

*Булагы: УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

2011-жылдын 1-октябрына карата акча базасы ушул эле жылдын үчүнчү чейрегинде 2,5 пайызга көбөйүү менен 51,2 млрд. сомду же жылдык мааниде 16,1 пайызды түзгөн (2010-жылдын үчүнчү чейрегинде акча базасы 7,6 пайызга көбөйгөн).

Акча базасынын 1,2 млрд. сомго өсүшү негизинен, Өкмөттүн 3,0 млрд. сомду түзгөн операцияларынын эсебинен жүргөн. Ошол эле учурда, Улуттук банктын операциялары акча базасын 1,8 млрд. сомго азайткан. Салыштыруу үчүн: 2010-жылдын тиешелүү мезгилинде акча базасы 3,1 млрд. сомго көбөйгөн, мында, акча базасынын өсүшүнө Өкмөттүн салымы 4,2 млрд. сомду түзсө, Улуттук банктын операциялары аны 1,1 млрд. сомго азайткан.

2011-жылдын 1-октябрына карата жүгүртүүдөгү акча отчеттук мезгилде 2,2 пайызга көбөйүү менен 46,6 млрд. сомду түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 8,3 пайыз чегинде катталган эле). Жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшү жылдык мааниде 2011-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 16,4 пайыз чегинде түптөлгөн.

Жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча базасынын

түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшү 2011-жылдын июнь айынын акырындагы 91,1 пайыздан, ошол эле жылдын сентябрь айынын акырында 90,9 пайызга чейин азайуусу жүргөн, буга ылайык, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 8,9 пайыздан 9,1 пайызга чейин көбөйгөн.

**М2 акча топтому**

М2 акча массасы (М0 + улуттук валютадагы депозиттер) 2011-жылдын үчүнчү чейреги ичинде 4,3 пайызга көбөйүү менен 2011–жылдын 1-октябрына 58,7 млрд. сомду түзгөн (2010-жылдын ушул эле мезгил ичинде М2 7,6 пайызга көбөйгөн). Ошондой эле, М2 акча топтомун түзүүчүлөрдүн көбөйгөндүгү байкалган: банктардан тышкаркы акчалар (М0) – 1,8 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттер – 12,6 пайызга, анын ичинде которулма депозиттер (талап кылганга чейинки) – 14,2 пайызга, ал эми башка (мөөнөттүү) депозиттер – 9,7 пайызга.

Жылдык мааниде М2 акча массасынын өсүшү 2011-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 18,9 пайыз чегинде катталган.

**М2Х акча топтому**

М2Х (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы каралып алынган мезгил ичинде 4,7 пайызга көбөйүү менен ушул эле жылдын 1-октябрына карата 76,5 млрд. сомду (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде М2Х көбөйүүсү 10,1 пайызды түзгөн эле) же жылдык мааниде 21,6 пайызды түзгөн. М2Х кеңири маанидеги акча массасынын аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү[1] да 9,0 пайызга көбөйгөн, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттер 12,6 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагы депозиттер – 6,2 пайызга көбөйгөн (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде депозиттердин жалпы көлөмү 12,5 пайызга, ал эми банктардан тышкаркы акчалар 8,6 пайызга көбөйгөн).

Каралып алынган мезгил ичинде М2Х акча массасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн:


- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 59,5 пайыздан 57,8 пайызга чейин азайган;
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 17,6 пайыздан 18,9 пайызга чейин көбөйгөн;
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 22,9 пайыздан 23,2 пайызга чейин көбөйгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн, М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын мультипликатору 2011-жылдын үчүнчү чейрегинде ушул эле жылдын июнь айынын акырындагы 1,462ден сентябрь айынын акырына карата 1,494кө чейин (2010-жылдын сентябрь айынын акырына – 1,426) көбөйгөн.

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча өзүнө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин, ошондой эле финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.


M2X кеңири маанидеги акча массасынын жүгүртүү тездиги отчеттук мезгил ичинде июнь айынын акырындагы 3,5тен сентябрь айынын акырына 3,7ге чейин көбөйгөн (2010–жылдын сентябрь айынын акырына – 3,7 эле). M2X акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монетазациялоо коэффициенти - жүгүртүү тездигинин кайтарым көрсөткүчү, июнь айынын акырына карата 28,4 пайыздан сентябрь айынын акырына 27,3 пайызга чейин төмөндөгөн (2010-жылдын сентябрь айынын акырына – 26,9 пайыз).

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**





Өтүп жаткан жылдын үчүнчү чейреги ичинде финансы рыногундагы жагдай, банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлинин жогорулашынын жана инфляция деңгээлинин төмөндөшүнүн алкагында түптөлгөн. Үстөк камдардын көлөмүнүн өсүш процесси өткөн чейректегиге караганда олуттуу өзгөрүлмөлүү мезгилдердин азайышы менен коштолгон, бул кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлде сакталып туруусу менен биргеликте, жайгаштырылган мамлекеттик баалуу кагаздардын бардык түрлөрү боюнча сатуу көлөмүнүн көбөйүшүнө алып келген. Ошол эле учурда, банктар аралык кредиттик ресурстар рыногунда карыздык каражаттарга суроо-талаптын төмөндөөсү түрүндө жигердүүлүктүн басаңдоосу белгиленген, бул улуттук валютадагы кредиттик ресурстардын наркынын төмөндөшүнө таасирин тийгизген. Мындан тышкары, Улуттук банктын «овернайт» финансылык инструментине суроо-талаптын азаюусу байкалып, натыйжада бул операциялардын көлөмү 96,9 пайызга төмөндөгөн.

**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




2011-жылдын үчүнчү чейрегинде Улуттук банк, жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталарын сунуштоо көлөмүн көбөйткөн. Ошондой болсо да, инвесторлор тарабынан суроо-талап, көптөгөн өткөрүлгөн аукциондордогу сунуштун көлөмүнө жетпестен, төмөн бойдон калган. Натыйжада, ноталардын бардык түрлөрү боюнча орточо кирешелүүлүк көрсөткүчү өткөн чейрекке салыштырганда кайрадан көбөйгөн. Кагаздардын түрлөрү боюнча өсүш, 2011-жылдын экинчи чейрегиндеги кирешелүүлүккө карата, тиешелүүлүгүнө жараша 8,3 (0,5 п.п) жана 13,2 пайызга (2,9 п.п) чейин жогорулоо менен жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталардын орточо кирешелүүлүгүнүн көбөйүүсүнө шартталган. Ошол эле учурда жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 0,1 п.п., 6,4 пайыз деңгээлине чейин төмөндөгөн. 2010-жылдагы ушундай эле көрсөткүчкө салыштырганда жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 10,7 п.п көбөйгөн. 2010-жылдын үчүнчү чейрегинде Улуттук банктын 7 жана 14 күндүк ноталары жайгаштырылган эмес.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын кирешелүүлүк динамикасы**




Сентябрь айынын акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл башынан тартып 7,9 п.п. жогорулоо менен 13,4 пайызды түзгөн. Натыйжада, «овернайт» кредиттери боюнча чен чейректин акырына карата 16,1 пайызды түзүү менен өскөн, ал эми берилген «овернайт» кредиттеринин көлөмү 15,6 пайыз орточо чени менен 105 млн. сом чегинде түптөлгөн.

МКОго карата суроо талаптын салыштырмалуу төмөн болгондугунан улам, үчүнчү чейректе эки аукцион өткөрүлгөн, ошондой эле бир кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча, сунуштун көлөмү аукцион үчүн орточо 203,3 млн. сомго чейин көбөйгөн. Натыйжада, МКОлордун кирешелүүлүгүнүн орточо мааниси үчүнчү чейректе 18,0 пайызды (-1,5 п.п.) түзгөн.

Үчүнчү чейректе Финансы министрлигинин векселдерин сунуштоонун көлөмү МКВлардын биринчилик рыногунда кайрадан төмөндөгөн. ошондой болсо да, инвесторлордун жигердүүлүгү өскөн, бул баалуу кагаздар боюнча орточо кирешелүүлүк көрсөткүчүнүн 16,9 пайызга (-1,3 п.п.) чейин төмөндөөсүнө алып келген. Мында, 3 айлык МКВлардын кирешелүүлүгү 9,2 пайызды түзүү менен 0,1 п.п., 6 айлык МКВлардыкы 0,2 п.п., 13,9 пайызга чейин, 12 айлык МКВлардыкы 2,5 п.п., 17,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Кирешелүүлүк боюнча 2010-жылдын тиешелүү чейрегинде МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээлинин көрсөткүчү 3,7 п.п., көбөйгөн, мында кирешелүүлүктүн жогорулоосу рыноктун бардык сегменттеринде байкалган: 3 айлык МКВлар боюнча 3,3 п.п., 6 айлык МКВлар боюнча 6,3 п.п. жана 12 айлык МКВлар боюнча 2,9 п.п.

**1.2.4-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**




Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногундагы абал мурдагыдай эле, банк тутумунда үстөк резервдердин көлөмүнүн өзгөрүүсүнүн таасири астында түптөлгөн. Өтүп жаткан жылдын экинчи чейрегине салыштырганда сом ликвиддүүлүгүнө муктаждыктын төмөндөөсү карыз алуулардын тиешелүү рыногунда иш жигердүүлүгүнүн басаңдоосуна, анын ичинде, ишке ашырылган операциялардын санынын азаюусу түрүндө басаңдоосуна алып келген. Мында, Улуттук банктын улуттук валютадагы

кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүктү колдоого «овернайт» кредитин кошо алганда, карыздын сунушталган бардык түрлөрү боюнча суроо-талаптын төмөндөөсү белгиленген. Банктар аралык кредиттер боюнча улуттук валютадагы ресурстардын наркы төмөндөгөн, ошондой болсо да, Улуттук банктын эсептик ченинин сакталып турган динамикасы репо операциялары жана «овернайт» кредиттери боюнча чендердин жогорулашына түрткү берген.

Сом түрүндөгү карыздардын чогуу алгандагы көлөмү кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунда өткөн чейректеги маанисине салыштырганда 36,3 пайызга төмөндөө менен 1,3 млрд. сом чегинде катталган. Мурдагыдай эле, бүтүмдөрдүн негизги үлүшү 1,0 млрд. сомду (-34,2 пайызды) түзгөн репо-операцияларынын сегментинде келишилген. Сом түрүндөгү кредиттик операциялардын көлөмү 270,7 млн. сом (-40,6 пайызды) өлчөмүндө түптөлгөн. Үчүнчү чейректе репо операциялары боюнча пайыздык чендин орточо алынган мааниси 0,7 п.п., 10,4 пайызга чейин өскөн, ал эми ошол эле учурда кредиттик операциялар боюнча тиешелүү көрсөткүч 1,4 п.п., 8,6 пайызга чейин төмөндөгөн. 2010-жылдын тиешелүү чейрегиндеги орточо салмактанып алынган пайыздык ченге салыштырганда репо операциялары боюнча пайыздык чен 6,4 п.п., ал эми улуттук валютадагы кадимки кредиттик операциялар боюнча 4,7 п.п. өскөн.

Кароого алынган мезгил ичинде кредиттик ресурстардын банктар аралык ички рыногунда чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр жүзөгө ашырылган эмес.

## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар


### Соода балансы[1]

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2010-жылдын үчүнчү чейрегиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 17,6 пайызга көбөйүү менен 2011-жылдын үчүнчү чейрегинде 507,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 53,4 пайызга өсүү менен 1 682,4 млн. АКШ доллары чегинде түптөлгөн.

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча, эгер башкасы көрсөтүлбөсө.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында) 2010-жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда 76,6 пайызга көбөйүү менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 587,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Экспорттун динамикасына мурдагыдай эле, алтынды берүүлөр олуттуу таасирин тийгизген, анын экспортунун көлөмү 257,9 млн. АКШ долларына жетүү менен 3,4 эсеге өскөн. Мындан тышкары, электрэнергиясын, жашылчаларды жана жемиштерди, ошондой эле авиакеросинди экспорттук берүүлөр да олуттуу көбөйгөн. Ушуну менен катар эле, тамекини, ысытуу лампаларын, этти жана эт азыктарын берүүлөрдүн төмөндөөсү байкалган жана мурдагыдай эле, жыл башынан бери химиялык элементтерди берүүлөр жүзөгө ашырылган эмес.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экспорттолуучу товарлардын[1] негизги топторунун салыштырма салмагы төмөнкүчө түптөлгөн: аралык товарлар экспорттун чогуу алгандагы көлөмүнөн 58,0 пайызды, керектөө товарлары – 20,6 пайызды, энергопродукциялар – 12,5 пайызды, чийки заттар жана инвестициялык товарлар, тиешелүүлүгүнө жараша 4,7 жана 4,3 пайызды түзүшкөн.

Керектөө багытындагы товарлардын экспорту 13,1 пайызга өсүү менен 108,5 млн. АКШ доллары чегинде катталган. Мындай көбөйүү азык-түлүк товарлары сыяктуу эле (+10,6 пайыз), азык-түлүктөн башка товарларды (+14,9 пайыз) берүүлөр менен камсыз болгон. Азык-түлүк товарлар түзүмүндө бул, эң оболу, көбүнчө, экспорттук баанын өсүшүнөн улам 70,4 пайызга (4,7 млн. АКШ долларына) өскөн жемиштердин экспорту. Ошондой эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөөсүндө экспорттук баанын көбөйүүсүнүн натыйжасында жемиштердин (7,4 пайызга же 1,0 млн. АКШ долларына), сүт жана сүт азыктарынын (14,7 пайызга же 0,9 млн. АКШ долларына) өсүшү белгиленген. Мында, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн олуттуу кыскаруусу эт жана эт азыктарынын (90,6 пайызга

[1] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

же 3,2 млн. АКШ долларына), май жана тоң майлардын (67,4 пайызга же 1,5 млн. АКШ долларына) экспортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөөсүн шарттаган.

Азык-түлүктөн башка товарлардын түзүмүндө экспорттун өсүшү кийим-кече жана ага тиешелүүлөр (12,7 пайызга же 4,7 млн. АКШ долларына) товардык позициясы боюнча байкалган.

Ушуну менен катар эле, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн азаюусунун натыйжасында автомобилдердин экспортунун (75,5 пайызга же 3,6 млн. АКШ долларына) жана ысытуу лампаларынын (14,7 пайызга же 0,8 млн. АКШ долларына) кыскаруусу белгиленген.

Товарлардын импорту[1] (ФОБ баасында) 2011-жылдын үчүнчү чейрегинде 43,3 пайызга өсүү менен 1 094,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорттун динамикасын аныктаган негизги статьялардан болуп, мунайзаттары, кийим-кече жана ага тиешелүүлөр, дары-дармектер, чоюн жана болот саналышкан. Белгиленген статьялардын ичинде мунай заттары көбүрөөк өзгөрүүгө (46,6 пайыга же 87,5 млн. АКШ долларына) дуушар болгон. Берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн олуттуу көбөйүүсүнөн улам автомобиль бензининин (55,6 пайызга же 48,0 млн. АКШ долларына) дизель отунунун импортунун нарктык көлөмү өскөн (1,3 эсеге же 41,0 млн. АКШ долларына). Ушуну менен катар эле, эсептелинген баалардын өсүшүнө карабастан, физикалык көлөмдүн олуттуу төмөндөөсүн авиакеросинди берүүлөрдүн кыскаруусу (5,9 пайызга же 3,4 млн. АКШ долларына) шарттаган.

Функционалдык түзүмгө ылайык[2], 2011-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча импорттук операцияларда эң ири товардык категориялардан болуп керектөө товарлары (импорттун чогуу алгандагы көлөмүнөн 33,9 пайыз), энергопродукциялар (25,7 пайыз), аралык товарлар (23,3 пайыз) жана инвестициялык товарлар (14,0 пайыз) саналышкан.

Отчеттук мезгил ичинде керектөө багытындагы товарлардын импорту 40,8 пайызга көбөйүү менен 402,7 млн. АКШ доллары көлөмүнө жеткен. Мында, азык түлүк товарларынын 33,4 пайыз деңгээлине өсүшү сыяктуу эле, азык түлүктөн башка товарлардын да 45,6 пайызга өсүшү катталган.

Азык-түлүк товарларынын түзүмүндө, импортук баалардын өсүшүнүн натыйжасында, нарктык маанисинде кантты берүүлөр (35,6 пайызга же 7,1 млн. АКШ долларына), өсүмдүк майын берүүлөр (33,3 пайызга же 3,6 млн. АКШ долларына) өскөн. Мындан тышкары, түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү сыяктуу эле, импорттук баалардын өсүшүнөн улам, унду берүүлөр (2,2 эсеге же 3,9 млн. АКШ долларына) өскөн. Түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөөсүнүн натыйжасында эттин жана эт азыктарынын (15,5 пайызга же 2,9 млн. АКШ долларына) жана кофе, чай, какао, таттуулардын (10,5 пайызга же 1,4 млн. АКШ долларына) импорттук түшүүлөрүнүн кыскаруусу байкалган.

---

[1] СИФ импорту 1 186,0 млн. АКШ долларын, ал эми соода балансынын тартышыгы 598,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

[2] Мында жана мындан ары Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча.

Азык-түлүктөн башка товарлардын курамында түшүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү сыяктуу эле, импорттук баалардын өсүшүнүн натыйжасында дары-дармектердин (2,1 эсеге же 21,4 млн. АКШ долларына) резина дөңгөлөктөрүнүн (90,3 пайызга же 8,1 млн. АКШ долларына) түшүүлөрүнүн өсүшү белгиленген. Физикалык көлөмдүн төмөндөөсү учурунда импорттук баалардын олуттуу өсүшү телефон аппараттарынын түшүүлөрүнүн (18,5 пайызга же 2,9 млн. АКШ долларына) өсүшүн шарттаган. Ошондой эле кийим-кече жана ага тиешелүүлөрдүн импорттук түшүүлөрүнүн олуттуу өсүшү да (80,4 пайызга же 23,6 млн. АКШ долларына) белгиленген.


## 1.4. Алмашуу курсу

АКШ долларынын алмашуу курсу, кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча которуулар түрүндө түшкөн валюталык каражаттардын көлөмүнүн сакталуусу жана коммерциялык банктар ишке ашырган валюталык операциялардын сандык көрсөткүчтөрүнүн көбөйүүсү шартында түптөлгөн, июль айындагы алмашуу курсунун динамикасынын таасири астында төмөндөгөн. Август айында АКШ долларынын алмашуу курсунун бир аз жогорулоосу жүргөн, ал, көбүнчө банктардын кардарлардын импорттук контрактыларын тейлөө операциялары боюнча көлөмүнүн көбөйүүсүнө, ошондой эле керектөө жигердүүлүгүнүн сезондук жогорулоосуна байланыштуу, рыноктун ички конъюнктурасынын өзгөрүүсүнүн себебинен кийинки айда да улантылган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк, алмашуу курсунун олуттуу өзгөрүүсүн текшилөө максатында, АКШ долларын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялар менен банктар аралык валюта тооруктарына катышкан. Валютага карата суроо-талаптын жогорулоосунун алкагында, Улуттук банк, АКШ долларын сатуу боюнча операциялардын көлөмүн өткөн чейректегиге караганда 2,7 эсеге, 78,2 млн. долларга көбөйткөн. Ошол эле учурда, АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 30,3 пайызга 42,6 млн. АКШ долларына чейин (2010-жылдын үчүнчү чейрегиндеги Улуттук банктын сатып алуу боюнча операцияларынын көлөмү дээрлик үч эсеге, ал эми сатуу боюнча 28,5 пайызга көбөйгөн) төмөндөгөн. Ошентип, бир мезгил ичинде таза сатуу көрсөткүчү 35,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын интервенциялар валютасы болуп, АКШ доллары саналган, ал эми башка валютадагы операциялар ишке ашырылган эмес.

АКШ долларынын эсептик курсу сентябрь айынын акырына карата чейрек ичинде 0,5 пайызга (2010-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсептик курсу чейрек ичинде 45,0008 сом/АКШ долларына көбөйүү менен чейрек ичинде 46,6377 сом/АКШ долларын түзгөн.

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**




# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр[1]

Инфляциянын жылдык мааниси (2011-жылдын сентябрь айы 2010-жылдын сентябрына карата) 13,0 пайызды, ал эми 2010-жылдын тиешелүү мезгили ичинде – 12,1 пайызды түзгөн. Тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга керектөө бааларынын индексинин олуттуу өсүшү катталган. Товарлардын бул тобу жылдык мааниде 17,5 пайызга кымбаттаган. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын жогорулоосу (10,6 пайызга) белгиленген; алкоголдуу ичимдиктерге жана тамеки заттарына баанын өсүшү 10,9 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 12,4 пайызды түзгөн. Үчүнчү чейректин жыйынтыгы боюнча инфляциянын жылдык өсүш арымынын басаңдоосу катталган.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичичнде негизги азык-түлүк товарлары (нан азыктары жана таруу, жемиштер жана жашылчалар, эт, кант) боюнча баалардын олуттуу басаңдоосу, ошондой эле азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын анчалык жогору эмес өсүш арымы байкалган, бул баа динамикасын аныктаган негизги факторлордун бири болгон.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**





2011-жылдын үчүнчү чейреги ичинде керектөө бааларынын индекси 97,4 пайыз (2010-жылдын үчнчү чейрегинде – 105,9 пайыз) чегинде катталган. Анын ичинде тамак-аш азыктарына баанын индекси 92,7 пайызды, алкоголдуу ичимдиктерге жана тамекиге – 103,1 пайызды, азык-түлүктөн башка товарларга – 102,0 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 105,0 пайызды түзгөн.

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча.

### 2.1.1. Азык-түлүк товардарына баа динамикасы

Азык-түлүк товарларына баа жылдык мааниде 2011-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча 17,5 пайызга (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде баалар жылдык мааниде 14,4 пайызга) жогорулаган, «нан азыктары жана таруу» товардык тобу 14,6 пайызга, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну –16,8 пайызга кымбаттаган. Мында, кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча нан азыктары жана таруу, көбүнчө соода өнөктөш өлкөлөрдөгү жана республикадагы дан эгиндеринен мол түшүм алынгандыгы тууралуу жакшы жаңылыктын таасири астында 5,4 пайызга арзандаган. Сүт азыктарына баалар жылдык мааниде 11,7 пайызга, ал эми мөмө жемишке 3,1 пайызга жогорулаган.

**2.1.2-сүрөт. Азык-түлүк товарларына баалардын жылдык динамикасы**




2011-жылдын үчүнчү жылдын жыйынтыгы боюнча мөмө-жемиш азыктарына бул мезгилге карата мүнөздүү болгон төмөнкүдөй баа динамикасы байкалган: жемиштер 36,0 пайызга, ал эми жашылчалар 40,6 пайызга арзандаган. Жылдык мааниде «жемиштер жана жашылчалар» товардык тобу жылдык мааниде 3,1 пайызга кымбаттаган: жемиштерге баа өзгөрүүсүз калса, жашылчаларга карата баа 5,9 пайызга өскөн.

Дүйнөлүк конъюнктуранын алкагында кантка карата баанын төмөндөөсү (үчүнчү чейрек ичинде -3,8 пайызга) байкалган. Жылдык мааниде бул продукцияга баалардын өсүшү басаңдоо менен 21,3 пайызды (өткөн чейректеги көрсөткүчкө салыштырганда -6,9 п.п.) түзгөн.

Кыргыз Республикасында май алынуучу өсүмдүктөрдөн мол түшүм алынышын күтүүлөрдүн алкагында, май жана тоң майларга ички өсүш арымынын басаңдоосу уланган. Алсак, «май жана тоң майлар» тобу боюнча баалардын жылдык өсүш арымы 2011-жылдын июнь айындагы 38,4 пайыз өсүшкө караганда, ушул эле жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча 19,2 пайыз чегинде катталган.

Отчеттук мезгил ичинде сүт азыктарына керектөө бааларынын жогорулоосу катталган, ал 2,0 пайызды түзгөн. Кыргыз Республикасынын


Айыл-чарба министрлигинин маалыматы боюнча селекциялык асыл тукум алуу иштеринин жеткиликсиз болгондугуна байланыштуу сүт өндүрүүнүн азаюусу, сүт азыктарына баанын өсүшүнүн негизги себептеринин бири болгон. Жылдык өлчөөдө сүт азыгы 11,7 пайызга кымбаттаган, бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 1,2 п.п. төмөн.

Эт азыктарына карата баа жылдык мааниде 38,1 пайызды түзүү менен өсүшүн улаткан. 2011-жылдын башталышынан тартып этке баанын орточо айлык өсүшү 2,4 пайызды түзгөн.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баанын динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга карата баанын индексинин өсүшү жылдык мааниде 10,6 пайыз чегинде катталган, бул 2010-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнөн 0,8 п.п. жогору. Алсак, кийим-кече жана бут кийимге баалар көбүнчө, эр адамдардын жана аялдардын кийиминин тиешелүүлүгүнө жараша 21,0 пайызга жана 17,1 пайызга, ошондой эле бут кийим оңдоонун 30,1 пайызга өсүшүнүн эсебинен 16,8 пайызга жогорулаган. «Электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» тобу боюнча тарифтердин 1,2 пайызга жогорулоосу катталган. Ошондой эле, «Үй буюмдары жана тиричилик техникасы» тобу боюнча да баанын 11,3 пайызга өсүшү белгиленген. Мындай динамиканын түптөлүшүнө үй эмеректеринин жана полго төшөлмөлөрдүн 16,3 пайызга жана тиричилик текстиль буюмдарынын 10,2 пайызга кымбаттоосу себеп болгон. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 1,3 пайызга жогоруласа, анын ичинде бензинге карата баа 1,6 пайызга, дизель отунуна 4,4 пайызга өскөн. 2011-жылдын үчүнчү чейреги ичинде КММга баа 5,1 пайызга жогорулап, анын ичинде бензин 5,9 пайызга кымбаттаса, дизель отуну 0,5 пайызга арзандаган.


**2.1.3-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын динамикасы**



### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын динамикасы

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын индекси жылдык өлчөөдө 12,4 пайызга (2010-жылдын тиешелүү мезгилинде – 9,4 пайызга) өскөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү, негизинен, той каналардын жана мейманкалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн 16,8 пайызга, ошондой эле транспорт кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+12,5 пайызга) жана эс алуунун уюштуруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+13,2 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Жаңы окуу жылынын башталышынан тартып, билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркынын 13,8 пайызга жогорулоосу байкалган. Ал эми саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү 10,2 пайызга кымбаттаган.

**2.1.4-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жылдык динамикасы**





### 2.1.4. Аймактардагы керектөө бааларынын динамикасы

2011-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча республиканын бардык областтарында керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин өсүш арымынын басаңдоосу байкалган. Көпчүлүк областтарда инфляциянын деңгээли жылдык эсептөөдө 20 пайыздык көрсөткүчтөн ашкан эмес. Баткен жана Ош областтарында баа, тиешелүүлүгүнө жараша 17,7 жана 17,6 пайызга, Жалал-Абад областында – 16,5 пайызга, Талас областында – 16,3 пайызга жогорулаган. Чүй, Ысык-Көл областтарында баалар, тиешелүүлүгнө жараша 14,1 жана 13,7 пайызга өскөн. Баалардын жалпы деңгээлинин басаңдоосунун негизги фактору болуп, 2011-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча азык-түлүк товарларына баалардын төмөндөөсү саналган.

Республиканын борборунда 10,7 пайызга өсүш белгиленген, мында тамак-аш азыктары 15,8 пайызга, алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары – 11,0 пайызга, азык-түлүктөн башка товарларга -6,6 пайызга жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө – 8,6 пайызга кымбаттаган.

**2.1.5-сүрөт. Региондордогу КБИнин жылдык динамикасы**







## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баалардын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн жокко чыгаруучу инфляциянын тренди катары аныкталат, башкача айтканда, инфляциянын көрсөткүчүнүн эсебинен начар түшүмдүүлүк, КММ рыногундагы баалык таасирлер, тарифтердин административдик өзгөрүүлөрү сыяктуу, сезондук жана тышкы факторлор менен шартталган товарларга баалардын өсүшү алынып салынат.


Төмөндө жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептелген, базалык инфляциянын динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма керектөө бааларынын индексинен баалары, эрежедегидей эле, бир жолку жана/же кыска мөөнөттүү мүнөзгө ээ, тышкы соккуларга ийкемдүү болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир категорияларын же максаттуу топторун алып салууну болжойт. Мурдатан бери эле, мындай товарларга кээ бир азык-түлүк товарлары, энергия алып жүрүүчүлөр жана Өкмөт тарабынан административдүү белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистка комитети жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен базалык инфляцияны эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелиндеги №9 бекитилген ыкмага ылайык). Эсептөөдө сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун, байланыш жана башка айрым кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу товарлар алынып салынат. Бүтүндөй алганда алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө корзинансынын 25 пайызын түзөт.

Кыргыз Республикасынын УСКсынын ыкмасы боюнча базалык инфляциянын мааниси 2011-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 15,5 пайызды, ал эми «тазаланбаган» инфляция 13,0 пайызды түзгөн. Базалык инфляция 4 түн ЭВФ ыкмасы боюнча эсептелген көрсөткүчүнүн графикалык сүрөттөлүшү, азык-түлүк рыногунда түптөлгөн тенденция, республикадагы керектөө бааларынын динамикасын аныктайт

деген фактты тастыктай тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Бул көрсөткүч туруктуу динамикага жана маанилердин бир аз дисперсиясына ээ.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) май жана тоң майлар 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жемиштер жана жашылчалар 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) сүт азыктары 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

Базалык инфляция – УСК – сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспорту, байланыш жана башка айрым кызмат көрсөтүүлөр сыяктуу товарлар алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын акча-кредит саясаты боюнча 2011-жылдын үчүнчү чейрегинде кабыл алынган негизги чечимдери келтирилген:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/5 токтому менен «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы (БРАФ) 2011-жылдын 1-августунан тартып жоюлгандыгына байланыштуу, БРАФтын лицензиясы кайтарылып алынган.

*Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 9-июнундагы №33/1 токтомуна ылайык «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы (БРАФ) 2011-жылдын 1-августунан тартып жоюлган.*

*БРАФты жоюу, ал чече турган негизги маселе, тактап айтканда – экономиканы кредиттөө жана ликвиддүүлүктү колдоо үчүн банк секторуна финансылык ресурстарды сунуштоо маселеси аткарылгандыгына байланыштуу күн мурун эле белгиленген.*

*БРАФты жоюу 2011-жылдын октябрь айынын акырына чейин созулат. Мында, кредиттик каражаттар акыркы карыз алуучулар менен алар кредит алган мөөнөткө ылайык кайтарылып берилет.*

2. 2011-жылдын 29-сентябрында Улуттук банк Башкармасы:

– Мамлекеттик баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алуу максатында №55/3 токтому менен Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын 26-мартындагы №13/3 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик баалуу кагаздарды депозитардык эсепке алуу жөнүндө» убактылуу жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизген. Бул токтом расмий жарыялангандан бир ай өткөндөн кийин күчүнө кирет;

– Валюталык своп-операцияларды жүргүзүү үчүн №55/4 токтому менен «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын валюталык-своп операцияларды жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобону бкиткен. Токтом 2011-жылдын 1-октябрынан тартып күчүнө кирет;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары менен репо операцияларын жүргүзүү максатында, №55/5 токтому менен Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 27-июнундагы токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары менен репо операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү киргизген. Бул токтом расмий жарыялангандан бир ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Учурда орун алган жагдайга баа берүү, ошондой эле акча-кредиттик саясатын өткөрүү сценарийлерин иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын 26-августунда 2011-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет, ошондой эле алдыдагы мезиглге карата акча-кредиттик программа кароого алынган жана жактырылган (№49/2 токтом). 2011-жылдын биринчи чейреги үчүн акча-кредиттик саясат жөнүндө отчеттун кыскартылган версиясы Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Экономикалык жөнгө салуу министрлигине жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын веб-сайтына жайгаштырылган.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу боюнча комитеттин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары-Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү 2011-жылдын үчүнчү чейрегинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган, 2011-2013-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарында, алдыдагы мезгил үчүн акча-кредиттик программада көрсөтүлгөн максаттардан жана маселелерден улам, ошондой эле, банк тутумунун абалын жана салыктык-бюджеттик чөйрөдөгү жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталат.

2011-жылдын үчүнчү чейрегинде Комитеттин 12 отуруму өткөрүлгөн. Комитеттин чечимдери банк тутумундагы ликвиддүүлүктү Улуттук банктын ноталарын ар жумалык аукциондорун өткөрүү, ошондой эле МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды жүргүзүү аркылуу жөнгө салууга багытталган.

Монетардык түзүүчү инфляцияны катуулатуу максатында Акча-кредиттик комитет, жүгүртүүдөгү ноталардын индикативдүү көлөмүн 2011-жылдын экинчи чейрегинин акырында белгиленген 1,7 млрд. сом деңгээлине салыштырганда, ушул эле жылдын үчүнчү чейрегинин акырындагы жүгүртүүдөгү ноталардын индикативдүү көлөмүн өзгөрүүсүз калтырган. Комитет, коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча алып салуу максатында, МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүнү сунуштаган.

Улуттук банктын ноталарын сатуунун көлөмү 2011-жылдын үчүнчү чейрегинде 5,6 млрд. сомду, МБКларды репо шарттарында сатуунун көлөмү 858,5 млн. сомду түзөт. Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2011-жылдын сентябрь айынын акырына карата 1,4 млрд. сом

чегинде түптөлгөн. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу отчеттук мезгил ичинде 35,5 млн. АКШ долларды же сомдук эквивалентинде 1,6 млрд. сомду түзгөн.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор

Кыргызстандын өтүп жаткан жылдык акрына чейин экономикалык өнүгүүсү экономиканын негизги тармактарында туруктуу өнүгүүнүн сакталып турушу, негизги соода өнөктөш өлкөлөр менен соода шарттарынын туруктуулугу жана дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баа таасирлеринин жоктугу шарты менен болжолдонот.

Бүтүндөй алганда реалдуу сектор боюнча прогноз (ИДПнын өсүшү, ИДПнын дефлятору) күндөлүк деңгээлде сакталып турат (прогноз 2011-жылдын башталышына иштелип чыккан жана Улуттук банктын «Кыргыз Республикасында 2011-жылдын биринчи чейреги үчүн инфляциялык баяндама» басылмасында жарыяланган). Ошондой болсо да ИДӨнүн 2011-жылдын тогуз айы үчүн айкын маалыматтарды эске алуу менен 2011-жылдын ИДӨгө карата өсүшү, 2011-жылы бир аз жогорулоо жагына 6,6 дан 7,4 кө чейин. Прогнозду корректирокалоонун негизги принциби болуп, өнөр жайдагы өсүштү кыйла оптимисттик күтүүлөр болуп саналат, ал эми ИДӨ дефляторунун прогнозу өзгөрүүсүз калуу менен 16,0 пайыз деңгээлинде күтүлүүдө. Ошентип, ИДӨнүн номиналдык көлөмү 2011-жылы 264,3 млрд. сом өлчөмүндө күтүлүүдө. Кыргызстандын ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымы кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ишканалардын, өнөр жайдын, айыл чарбасынын жана курулуштун эсебинен күтүлүүдө. 2011-жылы эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын агылып кирүүсү 2010-жылдагыга караганда 26,7 пайызга жогору болоору күтүлүүдө.

**4.1.1-таблица. Экономика тармактары боюнча 2011-жылга ИДП болжолдоолору**

| | так маалыматтар | | | | эсептешүүчү маалыматтар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | күндөлүк баалар, *млн. сом* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | дефлятор, *пайыздар* | салыштырылуучу баалар, *млн. сом* | реалдуу өсүш, *пайыздар* | салым, *пайыздар* |
| | 2010-ж. | | | | 2011-ж. | | |
| Айыл чарбасы, мергенчилик ж-а токой чарбасы | 39 334,8 | 36 712,0 | -2,8 | -0,5 | 41 694,9 | 6,0 | 1,1 |
| Өнөр жайы | 41 093,3 | 37 444,5 | 9,9 | 1,7 | 45 663,5 | 11,1 | 2,2 |
| *Тоо-кендерин казып алуу өнөр-жайы* | *1 451,0* | *1 067,9* | *-0,4* | *-0,0* | *1 523,6* | *5,0* | *0,0* |
| *Кайра иштетүү өнөр жайы* | *33 830,7* | *31 527,1* | *10,1* | *1,4* | *36 875,5* | *9,0* | *1,4* |
| *анын ичинде «Кумтөр»* | *19 904,0* | *15 829,4* | *7,6* | *0,6* | *21 297,3* | *7,0* | *0,7* |
| *Э/энергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү* | *5 811,6* | *4 849,5* | *11,0* | *0,2* | *7 264,5* | *25,0* | *0,7* |
| Курулуш | 11 998,9 | 10 414,6 | -22,8 | -1,5 | 13 198,8 | 10,0 | 0,6 |
| Соода | 34 206,7 | 31 687,5 | -6,4 | -1,1 | 37 798,4 | 10,5 | 1,7 |
| Транспорт жана байланыш | 19 385,9 | 18 108,2 | 2,5 | 0,2 | 20 355,2 | 5,0 | 0,5 |
| Жана башкалар | 43 804,9 | 42 281,2 | 0,1 | 0,0 | 45 119,0 | 3,0 | 0,6 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 22 352,9 | 21 842,7 | -1,4 | -0,2 | 24 002,1 | 7,4 | 0,8 |
| **ИДӨ** | **212 177,4** | **198 490,7** | **-1,4** | **-1,4** | **227 831,9** | **7,4** | **7,4** |
| **Кумтөрдөн тышкары, ИДӨ** | **192 273,4** | **182 661,3** | **-2,1** | **-2,1** | **206 534,7** | **7,4** | **7,2** |
| *Маалымат үчүн* | | | | | | | |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | **97 397,5** | **92 076,9** | **-1,8** | **5,8** | **103 272,6** | **6,0** | **2,8** |

2012-жылга карата ИДӨнү болжолдоо өлкөдөгү кыйла туруктуу тышкы экономикалык конъюнктураны жана социалдык-саясий жагдайларды болжолдоолордон улам түптөлгөн. Мында, 2011-жылдын жогорку статистикалык базасын эске алуу менен ИДӨнүн реалдуу өсүш арымы 2012-жылы басаңдайт жана 4,5 пайыз деңгээлинде күтүлүүдө.

**4.1.2-таблица. Экономика тармактары боюнча 2011-2012-жылдарга каралган ИДП болжолдоолору**

| | факт | болжолдоо | |
|---|---|---|---|
| | 2010 | 2011 | 2012 |
| Айыл чарба | -2,8 | 6,0 | 2,5 |
| Өнөр жай | 9,9 | 11,1 | 3,0 |
| Курулуш | -22,8 | 10,0 | 12,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | -1,8 | 6,0 | 5,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | -1,4 | 7,4 | 4,5 |
| **ИДӨ** | **-1,4** | **7,4** | **4,5** |
| **Дефлятор,** *пайыздар* | **6,9** | **16,0** | **6,0** |
| **Номиналдык ИДӨ,** *млн. сом* | **212 177,4** | **264 291,7** | **292 738,8** |


Мында, жакынкы учурларда өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнө терс таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү, тышкы экономикалык мүнөздөгү төмөнкүдөй бир катар тобокелдиктер сакталууда: Кыргызстандын Бажы союзуна киришинин ыңгайсыз шарттары аныкталгандан улам негизги соода өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөр менен соода жүргүзүү шарттарынын начарлоосу тобокелдиги жана дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баа конъюнктурасынын терс таасир этүү тобокелдиги. Мында, товарлардын негизги түрлөрүнө (энергопродукциялары, азык-түлүк, түстүү металлдар ж.б.) карата баанын өтө эле өсүп кетиши сыяктуу эле, анын кескин төмөндөөсү да терс таасирин тийгизиши мүмкүн, анткени Кыргызстандагы экономикалык жагдай көбүнчө, экономикасы өз кезегинде, товардык-сырьелук рынокто дүйнөлүк баа конъюнктурасынын таасирине дуушар болгон негизги соода өнөктөштөрдөн болушкан өлкөлөрдүн (Россия, Казакстан) экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу көз каранды болот.

Өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн акча которуулардын агылып киришине олуттуу көз карандылыгы да кошумча тобокелдик болуп саналат, бул өз кезегинде, тышкы факторлордун (эң оболу – эмгек миграциясынын реципиентинен болушкан өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүүсү ) таасирине шартталган, экономикалык өсүштүн туруксуздук жана волатилдүүлүк тобокелдигин жогорулатат.

ИДӨ ажырымынын көрсөткүчү өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшүнүн/ төмөндөөсүнүн таасири астында келип чыккан, экономикадагы баа тобокелдигине баа берүүнүн кошумча индикатору болуп саналат. Бул учурда ИДӨ ажырымы айкын түптөлгөн номиналдык ИДӨнүн анын потенциалдуу маанисине катышы катары эсептелген, башкача айтканда, ИДӨнүн оң ажырымы экономикада өндүрүш тарабынан инфляциялык басымдын өсүп жаткандыгын тастыктап турат. Мындан тышкары, ИДӨ

ажырымынын көрсөткүчү Кыргызстандын экономикасы үчүн эки ыкмада эсептелген: көмүскө секторду эске алуусуз (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин расмий маалыматтарынын негизинде) жана экономиканын көмүскө секторунун баа берүүлөрүн эске алуу менен (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин расмий маалыматтары жана экономика тармактары боюнча кошумча баалоолор).

**4.1.1-сүрөт. Айкын жана потенциалдуу ИДП болжолдоолору**
*(айкын номиналдуу ИДӨнүн потенциалдуу ИДӨгө карата катышы)*





2011-жылдын январь-август айларында Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин расмий маалыматтарынын негизинде эсептелген ажырымынан айырмасы көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨ ажырымы терс болгон, бул көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨнүн түзүмүндө 2011-жыл ичинде өсүшү төмөн, көбүнчө алгылыксыз кызмат көрсөтүү жана айыл чарбасы чөйрөсүндөгү ишканалардын басымдуу болушу менен түшүндүрүлөт. 2011-жылдын январь-сентябрь айларында орточо алгылыктуу ажырымы түптөлгөн – 0,6 пайыз (көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨ) 1,1 пайыз (көмүскө секторду эске албаганда ИДӨ). Мындан ары өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келүү тенденциясы уланып жаткандыгын жана ички суроо-талаптын өсүшүн эске алуу менен 2011-жылдын акырына чейин ИДӨнүн орточо алгылыктуу ажырымы сакталып турат.

## 4.2. 2011-2012-жылдарга жана 2011-жылдын IV чейрегине инфляциялык болжолдоолор

Акыркы жылдары байкоого алынган керектөө бааларынын динамикасы көрсөткөндөй, инфляциянын олуттуу өзгөрүүсү көбүнчө, азык-түлүк товарларына баалардын өзгөрүлмөлүүлүгү менен шартталган. Мында, азык-түлүктөн башка товарларга, алкоголдуу ичимдиктерге, тамеки заттарына,

ошондой эле кызмат көрсөтүүлөргө баалар[1] өсүшкө ык койгон туруктуу динамикага ээ, бул экономкада жалпы жогорку инфляциялык фонду түзөт.

**4.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык динамикасы жана анын түзүүчүлөрүнүн салымдары**





Өткөн мезгил ичинде алынган айкын маалыматтардан, ошондой эле товарлардын ар кандай топторуна карата баалардын андан-аркы динамикасы жөнүндө болжолдоолордон улам, 2011-жылга (2011-жылдын декабры 2010-жылдын декабрына карата) карата инфляция 5,9-6,2 пайыз диапазонунда бааланат.

2012-жылы азык-түлүк товарларына баанын орточо өсүшүндө калктын топтолгон инфляциялык күтүүлөрү, кандайдыр бир суроо-талаптын жана сунуштун тышкы жана ички олуттуу таасирлеринин жоктугу учурунда, инфляциянын мааниси 8-9 пайызга жакын күтүлөт. Финансылык жыл ичинде мамлекеттик бюджеттин каражаттарын бирдей бөлүштүрүү инфляциянын өсүшү тобокелдигинин басаңдашына өбөлгө түзөөрүн белгилей кетүү зарыл.

Бүтүндөй алганда экономикадагы баа динамикасынын башка көрсөткүчү, ИДӨнүн дефлятору 2011-жылга карата 16,0 пайызга болжолдонууда.


[1] 2007-жылдан тартып ар бир жылдын декабрь айында бул товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн инфляциянын жылдык деңгээлине кошкон суммардык салымы 4-10 пайыздын чегинде өзгөрүп турат. Бул, 2011-жылы дагы бул факторлордун инфляциянын деңгээлине жыл ичиндеги салымы азык-түлүк товарларынын кошумча салымын эске албаганда, ушул эле деңгээлде түзүлөт деп болжолдоого шарт түзөт.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**




Инфляциянын 2011-жылдын үчүнчү чейрегинде түптөлгөн айкын деңгээли (-2,6 пайыз) «Кыргыз Республикасында 2011-жылдын II чейреги үчүн инфляция боюнча баяндама» басылмасында жарыяланган бул мезгилге карата болжолдоодон (1,0 пайыз) айырмаланып турат. Июль айынан тартып жана кийинки айлардын ичинде дефляциялык процесстер уланууда – баалардын төмөндөөсүнүн мындай узакка созулган мезгили Кыргызстандын керектөө рыногунда биринчи ирет кездешүүдө.

**4.2.3-сүрөт. Инфляциянын 2011-жылдын IV чейрегине карата болжолдоолор**




2011-жылдын акырына чейинки инфляциялык болжолдоого берилген баа өзүнө негизги азык-түлүк товарларына карата баанын өсүшүн, ошондой эле сезондуулук факторунун орточо көрүнүшүн жана жылдын акыркы эки айына мүнөздүү болгон майрам алдындагы күндөрдө суроо-талаптын өсүшүн камтыйт. Эрежедегидей эле, төртүнчү чейректе сезондук өзгөрүүлөр жылытуу мезгилинин башталгандыгына байланыштуу мөмө-жемиш жана эт, сүт продукцияларына, отунга, ошондой эле айрым башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө (коомдук тамактануу, кийим жана бут кийим) бааларда байкалат. Жыйынтыгында, 2011-жылдын төртүнчү чейрегинде баалардын өсүшү 1,4-1,7 пайыз диапазонунда болжолдонот.

# Статистикалык тиркеме

## 1-таблица. Керектөө бааларынын индекси

*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2011-жыл | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **янв.** | **фев.** | **март** | **апр.** | **май** | **июнь** | **июль** | **авг.** | **сен.** |
| **Товарларга ж-а кызмат көрс-гө керектөө бааларынын индекси** | **102,7** | **101,4** | **102,2** | **100,4** | **99,7** | **100,6** | **99,7** | **98,8** | **98,9** |
| Товарлар | 102,7 | 101,7 | 102,4 | 100,4 | 99,5 | 100,7 | 99,3 | 98,6 | 98,2 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз ичимдиктер | 104,9 | 103,0 | 103,9 | 100,2 | 98,9 | 100,6 | 98,3 | 97,3 | 97,0 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,2 | 100,1 | 100,9 | 100,1 | 100,7 | 100,9 | 101,7 | 100,7 | 100,7 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 100,5 | 100,3 | 100,6 | 100,8 | 100,2 | 100,9 | 100,9 | 100,9 | 100,2 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 102,1 | 99,6 | 100,4 | 100,4 | 101,1 | 100,2 | 102,0 | 100,1 | 102,8 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз ичимдиктер | 104,9 | 103,0 | 103,9 | 100,2 | 98,9 | 100,6 | 98,3 | 97,3 | 97,0 |
| Нан азыктары жана таруу | 101,7 | 104,0 | 107,3 | 100,8 | 99,1 | 99,3 | 99,7 | 99,0 | 95,8 |
| жогорку сорттогу буудай уну | 102,2 | 104,7 | 107,8 | 101,4 | 99,3 | 99,1 | 99,7 | 98,6 | 93,4 |
| биринчи сорттогу буудай уну | 101,9 | 106,2 | 111,1 | 100,4 | 98,1 | 98,0 | 98,8 | 97,8 | 92,8 |
| нан | 100,9 | 103,0 | 104,7 | 100,7 | 98,2 | 100,0 | 99,9 | 99,9 | 99,3 |
| Эт | 104,9 | 103,1 | 100,9 | 100,1 | 101,7 | 103,5 | 104,1 | 101,7 | 101,9 |
| Балык | 101,1 | 100,9 | 100,9 | 100,4 | 99,7 | 100,8 | 100,6 | 100,1 | 100,4 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 103,8 | 102,0 | 97,0 | 98,5 | 97,2 | 97,3 | 96,9 | 100,8 | 104,5 |
| Май жана тоң майлар | 100,7 | 100,2 | 102,6 | 101,3 | 100,9 | 99,4 | 100,2 | 100,1 | 100,0 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 115,8 | 102,1 | 105,2 | 98,4 | 93,7 | 101,6 | 85,6 | 79,8 | 88,8 |
| жемиштер | 101,5 | 101,5 | 101,8 | 102,8 | 105,6 | 105,2 | 85,4 | 83,0 | 90,4 |
| жашылчалар | 122,5 | 102,3 | 106,5 | 96,8 | 89,0 | 100,3 | 85,7 | 78,6 | 88,2 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 105,7 | 104,6 | 101,3 | 100,8 | 99,9 | 100,3 | 102,1 | 104,2 | 92,4 |
| кумшекер | 108,4 | 106,1 | 100,2 | 100,4 | 99,7 | 100,2 | 103,2 | 106,4 | 87,6 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,8 | 102,5 | 99,0 | 100,3 | 100,1 | 100,4 | 100,5 | 101,5 | 101,6 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,8 | 100,9 | 102,7 | 101,1 | 99,2 | 102,7 | 100,9 | 100,5 | 100,5 |
| Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,2 | 100,1 | 100,9 | 100,1 | 100,7 | 100,9 | 101,7 | 100,7 | 100,7 |
| алкоголдуу ичимдиктер | 100,1 | 100,0 | 100,2 | 100,0 | 100,7 | 100,7 | 102,2 | 100,6 | 100,9 |
| тамеки заттары | 100,6 | 100,2 | 102,8 | 100,4 | 100,5 | 101,2 | 100,6 | 100,7 | 100,3 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 101,0 | 101,5 | 101,8 | 102,1 | 101,1 | 100,6 | 100,6 | 100,9 | 100,1 |
| кийим-кече | 101,2 | 100,9 | 100,2 | 100,9 | 100,7 | 100,6 | 100,7 | 101,0 | 100,6 |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 100,7 | 100,0 | 100,3 | 100,2 | 100,1 | 100,1 | 103,9 | 100,5 | 102,9 |
| эр адамдар үчүн кийим | 101,4 | 101,1 | 99,3 | 101,0 | 100,8 | 101,7 | 100,5 | 100,9 | 101,7 |
| аялдар үчүн кийим | 101,0 | 100,3 | 100,5 | 100,8 | 100,0 | 101,5 | 99,7 | 100,4 | 100,8 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 101,2 | 101,5 | 100,7 | 101,2 | 101,6 | 98,0 | 101,6 | 102,0 | 98,5 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 106,4 | 103,8 | 101,2 | 98,2 | 100,2 | 99,9 | 100,2 | 100,4 | 100,4 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 100,6 | 103,0 | 105,6 | 104,9 | 102,0 | 100,5 | 100,3 | 100,8 | 99,0 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,0 | 106,6 | 104,3 | 106,0 | 102,3 | 101,8 | 100,0 | 100,9 | 100,4 |
| аялдар үчүн бут кийим | 100,6 | 102,2 | 107,0 | 105,2 | 102,2 | 99,7 | 100,0 | 100,4 | 98,5 |
| балдар үчүн бут кийим | 101,3 | 99,1 | 103,7 | 102,3 | 101,3 | 101,3 | 101,5 | 102,1 | 99,0 |
| бут кийимди оңдоо | 103,0 | 102,4 | 106,9 | 101,1 | 100,2 | 102,2 | 100,0 | 100,0 | 97,3 |
| Турак-жай кызмат көрс-рү, суу, эл. энер-сы, газ ж-а башка отундар | 99,9 | 99,4 | 99,1 | 98,8 | 98,1 | 100,5 | 100,2 | 100,1 | 100,6 |
| турак-жай үчүн ижара төлөмү | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 114,2 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 99,3 | 99,8 | 102,4 | 100,8 | 100,5 | 101,0 | 103,1 | 99,8 | 99,7 |
| кирпич | 100,0 | 100,0 | 103,1 | 100,3 | 100,8 | 100,3 | 105,3 | 100,0 | 97,4 |
| пиломатериалдар | 98,0 | 100,1 | 102,6 | 100,9 | 100,2 | 105,1 | 100,3 | 100,9 | 99,5 |
| цемент | 99,1 | 98,7 | 101,8 | 100,4 | 99,8 | 100,3 | 101,4 | 97,0 | 97,8 |
| терезеге салынуучу кесилбеген айнек | 99,8 | 99,3 | 100,0 | 100,0 | 99,7 | 103,5 | 99,3 | 100,3 | 106,3 |
| кум | 100,0 | 100,0 | 109,7 | 102,1 | 101,7 | 100,0 | 99,8 | 101,1 | 101,9 |
| шифер | 99,7 | 100,0 | 100,0 | 101,0 | 101,0 | 99,3 | 100,2 | 100,1 | 101,6 |
| турак-жайды күтүү жана ремонттоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,0 | 100,6 | 88,1 | 99,7 | 102,8 | 99,6 |
| суу менен камсыз кылуу | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 104,9 | 100,0 | 100,6 | 100,8 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 100,0 | 99,3 | 98,7 | 98,6 | 97,7 | 101,0 | 99,9 | 100,0 | 100,6 |
| газ | 100,2 | 98,9 | 99,4 | 98,8 | 99,2 | 102,2 | 100,1 | 99,4 | 100,4 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 100,2 | 101,0 | 100,5 | 100,8 | 100,3 | 101,4 | 102,1 | 101,6 | 100,3 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,1 | 101,7 | 100,5 | 100,2 | 100,6 | 102,5 | 101,0 | 102,4 | 102,6 |
